# МЕДИЦИНАЛЫК ЖАРДАМДЫ ӨЗГӨЧӨ ТАЛАП КЫЛГАН КАТУУ ООРУЛАР

14 БӨЛҮМ

**Бул бөлүмдө каралган ооруларды медициналык жардамсыз айыктыруу өтө оор же мүмкүн эмес. Айыл жеринде бул оорулардын көбүнө керектүү жана ылайыктуу дарыларды табуу кыйын. Элдик дарылоо ыкмалары менен мындай ооруларды айыктырууга мүмкүн эмес. Эгерде адам ушул катуу оорулардын бирине чалдыкса, анда медициналык жардамды канчалык эрте алса, анын тез айыгып кетишине да ошончолук жакшы шарт түзүлөт.**

*ЭСКЕРТҮҮ:* Башка бөлүмдөрдө каралган оорулар да өтө оор болуп, медициналык жардамды талап кылышы мүмкүн. 42-беттеги **"Коркунучтуу оорунун белгилери"** деген маалыматты караңыз.

## КУРГАК УЧУК (ТУБЕРКУЛЁЗ)



Өпкө кургак учугу - бул өнөкөт (узакка созулган), жугуштуу (тез тараган) оору. Бул оору менен ар бир адам ооруп калышы мүмкүн. Бирок көбүнчө кургак учукка 15-тен 35 жашка чейинки, өзгөчө, ЖИКС (СПИД, 399-бет) оорусу бар, алсыз, начар тамактанган же кургак учук менен ооруган адам менен чогуу жашаган адамдар чалдыгышат.

Кургак учукту толук айыктырууга болот. Бирок ошого карабастан, жыл сайын бул оорудан миңдеген адамдар каза болууда. **Кургак учукту** айыктырууда жана анын алдын алууда **эрте дарылоонун** мааниси чоң. Ошондуктан **кургак учуктун белгилерин байкап, улам текшерилип туруңуз.**

*Кургак учуктун көп кездешкен белгилери:*

- 3 жумадан көбүрөөк убакытка созулган жөтөл көбүнчө уктап тургандан кийин күчөйт;
- кечке жуук адамдын денетабы бир аз көтөрүлүп, түнкүсүн тердеп чыгат;
- көкүрөгү же аркасы оорушу мүмкүн ;
- адам барган сайын арыктап, шайы кетип алсырайт.

*Катуу кармаган же күчөгөн учурларда:*

- адатта бир аз (бирок кээ бир учурларда көп) кан түкүрөт;
- тери кубарып, шалбырайт. Кара тору адамдын териси, айрыкча, бети кубарат;
- үндүн кырылдаганы күчөй баштайт (бул коркунучтуу белги).

*Кичинекей балдарда:* Жөтөл кийинчерээк пайда болушу мүмкүн. Ошондуктан төмөндөгүлөргө көңүл буруңуз :

- салмактын билинбей улам азайышына;
- дененин бат-бат ысышына;
- өңдүн кубарышына;
- моюн лимфа бездеринин шишүүсүнө же ичтин көбүүсүнө (20-бет).

Кургак учук көбүнчө өпкөдө гана болгону менен, дененин ар кандай мүчөлөрүнө таасирин тийгизиши мүмкүн. Кичинекей балдарда кургак учук менингитке айланып кетиши ыктымал (185-бет). Кургак учуктун айынан пайда болгон тери оорулары жөнүндө 212-бетти караңыз.

Эгерде сизде кургак учуктун белгилери бар деп ойлосоңуз, анда: Медициналык жардамга кайрылыңыз. Кургак учуктун алгачкы белгилери пайда болору менен, медициналык борборго барып, ал жерден рентгенге түшүп, териңизди, жөтөлүңүздү (какырыкты же шилекейди) текшертиңиз. Көптөгөн мамлекеттерде кургак учукка каршы дарылар бекер берилет. Бул жөнүндө жакын жайгашкан медициналык борбордон сурап көрүңүз. Сизге төмөнкү дарылардын кээ бири берилиши мүмкүн:

- Изониазид таблеткалары (361-бет)
- Рифампицин таблеткалары (362-бет)
- Пиразинамид таблеткалары (362-бет)
- Этамбутол таблеткалары (362-бет)
- Тиацетазон таблеткалары (363-бет)
- Стрептомициндин сайма дарысы (363-бет)


Омуртка кургак учугу

Дарыны дары баракчасына ылайык, туура кабыл алуу абдан маанилүү. Ар бир өлкөдө дарылоо ар кандай болгону менен, көбүнчө кургак учукту дарылоо эки баскычка бөлүнөт. Эки ай бою 3 же 4 дары менен дарылангандан кийин какырыгыңызды текшертиңиз. Эгерде жакшы болуп баратсаңыз, анда дарылоону дагы 4 же 6 ай бою эки дары менен улантасыз. Андан кийин айыкканыңызга ынануу үчүн кайра текшерүүдөн өтөсүз. **Өзүңүздү жакшыраак сезип калсаңыз деле, дары алганды токтотпоңуз.** Анткени дарыны орто жолдо колдонбой калсаңыз, бул ооруну кайра козгоп, анын башкаларга жугуп калуу коркунучун туудурат. **Кургак учуктан толук айыгуу үчүн 6 ай же бир жылдан ашык убакыт керек.**

Мүмкүн болушунча кубат берүүчү жана белок менен витаминге бай азыктар (110, 111-беттер) менен тамактаныңыз. Эс алуунун да мааниси чоң. Мүмкүн болсо, оор жумуш кылууну токтотуп, жакшы болуп кеткенге чейин сар-санаадан алыс болуңуз; шайыңыз ооп калганча өзүңүзгө күч келтирип иштебеңиз. Дайыма жакшы уктап, жакшы эс алыңыз.

Дененин башка мүчөлөрүндөгү кургак учук өпкө кургак учугундай эле дарыланат. Аларга: моюн без кургак учугу, ич көңдөй кургак учугу (20-беттеги сүрөттү караңыз), тери кургак учугу (212-бет), муун (мисалы, тизе) кургак учугу кирет. Омуртка кургак учугунун оор түрүнө чалдыккан бала бүкүр, шал болуп калбаш үчүн ага операция жасоого туура келиши мүмкүн (*"Айыл жериндеги майып балдар"* деген китептин 21-бөлүмүн караңыз).

**Кургак учук - тез тараган жугуштуу оору.** Кургак учугу бар адам менен бирге жашагандарда, (айрыкча, балдарда) бул ооруну жугузуп алуу коркунучу чоң. Эгерде үйдөгүлөрдүн бири кургак учук менен ооруса, анда:

- ♦ мүмкүнчүлүккө жараша, үйдөгүлөрдүн баары кургак учукка текшерилсин.
- ♦ балдар кургак учукка каршы Б.Ц.Ж. вакцинин алып, эмдөөдөн өтүшсүн .
- ♦ үйдөгүлөрдүн баары, айрыкча, балдар витаминге бай азыктар менен тамактанышсын.
- ♦ кургак учугу бар адамдын жөтөлү толук басылмайынча, ал балдардан бөлөк жерде, мүмкүн болсо, башка бөлмөдө тамактанышы жана укташы керек.
- ♦ оорулуу адам жөтөлгөндө оозун жүз арчы менен жаап, какырыгын жерге түкүрбөшү керек. (Ал какырыгын атайын идишке гана чогултсун.)
- ♦ үйдөгүлөрдүн ар биринин арыктап кеткенин же аларда кургак учуктун башка белгилерин текшерип, байкап туруңуз. Мүмкүн болсо, үйдөгүлөрдүн бардыгынын, айрыкча, балдардын салмагын ай сайын өлчөп, текшерип туруңуз.

Демейде, үй-бүлөнүн ичинде кургак учук жай жана билинбей башталат. Эгерде үйдөгүлөрдө кургак учуктун шектүү белгилери байкалса, аларды текшерип, дароо дарылоону баштаңыз.

**Кургак учуктун алдын алуунун негизги талабы – ооруну күчөй элек кезинде дарылоо жана толугу менен айыктыруу.**

КУТУРМА



Кутурма “жин тийген” же кутурган жаныбарлар, көбүнчө кутурган ит, мышык, түлкү, карышкыр же чөө тиштегенден жугат. Кутурманы жарганат жана башка жаныбарлардан жуктуруп алууга да мүмкүн.

***Кутурманын жаныбарлардагы белгилери:***

- Жүргөнү башкача, демейдегидей эмес: кээде басмырт, тынчы жок болот же оолуйт.
- Оозу көбүктөнүп, тамак жей албай, суу иче албай калат.
- Кээде жинденип, жакын баргандарды тиштеп алышы мүмкүн.
- Кутурган жаныбар 5-7 күндүн ичинде өлөт.

***Кутурманын адамдагы белгилери:***

- Тиштелген жери сайгылашып ооруйт.
- Жаңыдан катуу ыйлап басылгансып, дем алуусу ирээтсиз болот.
- Тамакты кыйналып жутат. Шилекейи коюуланып, илээшчээк болот.
- Адам баарын билип, түшүнүп турат, бирок тынчсызданып, бат-бат ачуулана берет.
- Өлүм жакындаган сайын карышып, шал болот.

***Эгерде тиштеген жаныбарды кутурган деп ойлоого негиз болсо, анда :***

- ♦ Жаныбарды байлап же бир жумага камап коюңуз.
- ♦ Тиштелген жерди самындап, суу жана суутек өтө кычкылы менен жакшылап тазалаңыз. Жаратты таңбай, ачык коюңуз.
- ♦ Эгерде жаныбар 1 жумага жетпей өлүп калса (өлтүрүлсө же аны кармоого мүмкүн болбосо), тиштелген адамды кутурмага каршы атайын эмдөөдөн өткөзүү үчүн медициналык борборго дароо жеткириңиз.

Кутурманын алгачкы белгилери тиштеген күндөн баштап 10 күндөн 2 жылга чейинки аралыкта байкалат (көбүнчө 3төн 7 жумага чейин). Кутурманын алгачкы белгилери байкала электе эле, дарылоону баштоо керек. Эгерде оору башталса, адамдын өмүрүн сактап калууга азыркы медицинанын кудурети жетпейт.

***Алдын алуу:***

- ♦ Эгерде жаныбар кутурду деп ойлосоңуз, аны өлтүрүп, көмүп салыңыз (же болбосо бир жумага камап коюңуз).
- ♦ Иттерди эмдөө максатында тийиштүү программасы бар уюмдар менен байланышыңыз.

Оорулуу болуп көрүнгөн же өзүн башкача алып жүргөн жаныбарларга балдарды жакын жолотпоңуз.

**Оорулуу болуп көрүнгөн же өзүн башкача алып жүргөн жаныбарларды сөзсүз кармап, аларга тийиштүү чара көрүңүз. Ал эч кимди тиштебесе да, анын шилекейи адамдын тытылган же ачык жарасына тийсе, кутурмага алып келиши**

14 - бөлүм

# СЕЛЕЙМЕ (СТОЛБНЯК)

Селейме оорулуу жаныбар же адамдын заңында болгон микрожандыктар адам денесинин ичине жараат аркылуу киргенден улам пайда болот. Мындай учурда, терең же кир жарааттар өзгөчө коркунучтуу.

## СЕЛЕЙМЕГЕ АЛЫП КЕЛҮҮЧҮ ЖАРААТТАР:

Жаныбарлардын, айрыкча, ит менен чочконун тиштеп алышы;



Ок тийген жана бычак сайылган жарааттар;



Кулактын кир ийне менен тешилиши;



Тикенек, зымдан болгон жараттар;



Айнек, мык же тикенек киргенден болгон жараттар.



## ЖАҢЫ ТӨРӨЛГӨН БАЛАДАГЫ СЕЛЕЙМЕ ООРУСУНУН ПАЙДА БОЛУУ СЕБЕПТЕРИ

Тазалык сакталбай, башка негизги алдын алуу чаралары аткарылбагандыктан, селеймени козгогон микрожандыктар жаңы төрөлгөн баланын денесине киндик аркылуу кирип кетиши мүмкүн.

- Эгерде киндик, сүрөттө көрсөтүлгөндөй узун,
- Денеден алыс кесилсе, анда селеймеге кабылуу,
- Коркунучу чоң болот.

ЭГЕРДЕ КИНДИК, СҮРӨТТӨ КӨРСӨТҮЛГӨНДӨЙ УЗУН, ДЕНЕДЕН АЛЫС КЕСИЛСЕ, АНДА СЕЛЕЙМЕГЕ КАБЫЛУУ КОРКУНУЧУ ЧОҢ БОЛОТ.



***Селейменин белгилери:***

- Инфекцияланган жара (кээде жараат билинбей, табылбай да калат);
- Жакшы жутуна албай кыйналуу;
- Адегенде жаагы, андан кийин моюн булчуңдары жана башка дене мүчөлөрү карышып, катып калат. Адаттагыдай жакшы баса албай кыйналат.

Адегенде жаагы, андан кийин бүт денеси катуу ооруп карышат (дененин күтүүсүз тырышуусу). Эгерде адамга жылдырса же кыймылдатса, ал күтүлбөгөн жерден сүрөттө көрсөтүлгөндөй карыша башташы мүмкүн.

Капыстан чыккан катуу дабыш, ызы-чуу же жарк эткен жарык да сүрөттөгүдөй карышмаларга алып келиши мүмкүн.



Жаңы төрөлгөн балада, селейменин алгачкы белгилери негизинен, төрөлгөндөн 3-10 күн өткөндөн кийин байкалат. Бала тынбай ыйлап, эмчек эме албай калат. Көбүнчө киндик жери кир же инфекцияланган болот. Бир нече сааттан же күндөн кийин жаагы карышып, катууланып, селейменин башка белгилери да байкала баштайт.

Селейменин биринчи белгилери байкалары менен аны дарылоо - өтө маанилүү. Эгерде сиз селейме деп шектенсеңиз (же болбосо, жаңы төрөлгөн бала тынбай ыйлай берсе же эмчек эмгенди токтотсо), анда төмөнкүдөй текшериңиз:

ТИЗЕНИН РЕФЛЕКСИН ТЕКШЕРҮҮ

Бутун салаңдатып, тизе томугунан бир аз ылдыйыраак жагын кол менен каккылаңыз.

Эгерде бут бир аз силкилдесе, бул нормалдуу көрүнүш.

Эгерде бут катуу ыргып кетсе, бул селейме сыяктуу коркунучтуу оорунун (балким менингит, дарыдан ууланyу же келемиш уусу менен уулануунун) белгиси.



Мындай текшерүү жаңы төрөлгөн балдар үчүн өзгөчө маанилүү.

*Селейменин белгилери байкалса, эмне кылуу керек:*

Селейме бул – өлүмгө алып келүүчү оору. Анын биринчи белгилери байкалары менен тезинен медициналык жардамга кайрылыңыз. Эгерде убагында жардам ала алабасаңыз, анда төмөнкүлөрдү аткарыңыз:

- Инфекцияланган жараттарды карап, бүт денени текшериңиз. Мындай жараатта көбүнчө ириң бар болот. Жараатты ачып, кайнатылган мелүүн суу менен самындап жууңуз; кир, ириң, тикенек, ж.б. ушундай нерселерди калтырбай тазалап чыгыңыз; эгерде суутектин өтө кычкылы (перекись водорода) бар болсо, анда аны менен жараатты тазалаңыз.

- Прокаин пенициллиндин бир миллион бирдигин дароо сайып, андан кийин 12 саатта бир жолу сайдырып туруңуз. (353-бет). (Жаңы төрөлгөн балдарга кристалин пенициллини жакшыраак.) Эгерде пеницилин жок болсо, тетрациклин сыяктуу башка антибиотикти колдонуңуз.
- Эгерде таба алсаңыз, **адамдын иммундук глобулининен** 5000 (беш миң) бирдикти же **селейме антитоксининин** 40000 ден 50000ге чейинки бирдигин сайдырыңыз. Сөзсүз бардык сактык чараларын аткарыңыз (70, 389-беттерди караңыз). **Адамдын иммундук глобулини** башкаларга караганда катуу аллергиялык реакция бербейт, бирок кымбатыраак болуп, оңою менен табылбайт.
- Адам жута алса, ага улам-улам азыктандыруучу суюктуктарды, кичинеден ууртатып туруңуз.
- Диртилдөөнү токтотуу үчүн фенобарбитал (дозасын 390-беттен караңыз) же диазепам (Валиум, 390-бет) сайыңыз; чоңдорго 10-20 мг-дан баштап, керек болгон сайын дозасын көбөйтүп туруңуз.
- Бейтапты мүмкүн болушунча азыраак кыймылдатып, тынч коюңуз. Аны ызы-чуу менен өтө күчтүү жарыктан алыс жерге жаткырыңыз.
- Эгерде тамак менен мурундан былжырды сордуруп алуу зарылдыгы болсо, анда шприцке туташтырылган катетерди (резина түтүкчөсүн) колдонуңуз. Бул дем алуу жолун бошотууга жардам берет.
- Мүмкүн болсо, селейме менен ооруган жаңы төрөлгөн балага эне сүтүн бериш үчүн түтүкчөнү (мурдунан ашказанга) медициналык кызматкер же дарыгер өткөрүп бергени оң. Эне сүтү баланы керектүү азык заттар менен камсыз кылып, инфекция менен күрөшүүгө жардам берет.

*Селеймеден кантип сактануу керек:*

Эң мыкты деген, жакшы бейтапканаларда деле селейме менен ооругандардын жарымы каза болушат. Селеймени дарылоодон көрө, анын алдын алуу кыйла оңой.

- **Эмдөө:** Бул селеймеден коргонуунун эң жакшы, ишенимдүү жолу. Балдар да, чоңдор да эмдөөдөн өтүшү керек. Үй-бүлөңүздүн ар бир мүчөсүн жакын жердеги медициналык борбордон эмдетиңиз (147-бетти караңыз). Толугу менен селейменин алдын алуу үчүн эмдөөнү ар бир 10 жылда бир жолу кайталап туруу керек. **Аял кош бойлуу болгон сайын селеймеге каршы эмдөөдөн өтсө, бул төрөлө турган баласын селеймеден коргойт (250-бетти караңыз).**
- Жаракат алсаңыз, айрыкча, жараатыңыз терең же кир болсо, аны 89-бетте жазылгандай тазалап, тийиштүү чараларды көрүңүз.
- Эгерде жараат өтө чоң, терең же ириңдеген, кир болсо, анда медициналык жардамга кайрылыңыз. Мурда селеймеге каршы эмделбесеңиз, анда пеницилин ичиңиз же сайдырыңыз. Ошондой эле селеймеге каршы антитоксин сайдыруу мүмкүнчүлүгүн карап көрүңүз (389-бет).
- Жаңы төрөлгөн балдардагы селейменин алдын алууда аларды таза кармоо абдан маанилүү. Киндик кесе турган аспапты атайын медициналык тазалануудан өткөрүп туруу керек (стерилдөө, 262-бет); киндик кыска кесилип, аны айыкканча таза жана кургак кармоо керек.

Бул баланын киндиги кыска кесилген, кургак сакталып, абага ачык калтырылган.



Баланын денсоолугу чың .

Бул баланын киндиги узун кесилип, тыкыз оролуп, жакшы катып кургаган эмес.



Ал селеймеден чарчап калды.

# МЕНИНГИТ

Бул көбүнчө балдарда кездешүүчү, мээнин өтө коркунучтуу инфекциясы. Ал кызылча, тепки (паротит), көк жөтөл же кулак инфекциясы сыяктуу башка оорулардын күчөп кетишинен улам башталышы мүмкүн. Кургак учук менен ооруган эненин балдары кээде төрөлгөндөн кийинки бир нече айдын ичинде кургак учук менингитине чалдыгышат.



***Белгилери:***

- Эт ысыйт;
- Баш катуу ооруйт;
- Кежиге тырышып (моюн катып) калат. Бала катуу ооругандай көрүнүп жатканда сүрөттөгүдөй башы менен мойну артка тартылып турат.
- Аркасы катып, ийилбегендиктен, башын эки тизенин ортосуна келтирүүгө мүмкүн болбой калат.
- Бир жашка чыга элек баланын эмгеги (баштын төбөсүндөгү жумшак жери) чыңалып, томпоюп калат.
- Көпчүлүк учурда кусат;
- Ымыркайлардагы жана кичинекей балдардагы менингиттин качан башталганын аныктоо кыйын. Эне баланы эмизейин десе да, бала адаттагыдай эмес, башкача чаңырып, ыйлай берет ("менингиттен улам ыйлоо") же өтө көп укташы мүмкүн.
- Кээде баланын туталагы кармайт же ал бир кызыктай, түшүнүксүз кыймылдарды жасайт.
- Баланын абалы барган сайын начарлап, ал эсин толук жоготкондо гана тынчыйт.
- Кургак учук менингити жай өөрчүп, оору белгилери бир нече күн же жумадан кийин гана байкалат. Менингиттин башка түрлөрү тез, бир нече саатта же бир нече күндө эле ачык билинет.

***Дарылоо:***

**Медициналык жардамга тез кайрылыңыз - ар бир мүнөт саналууда, кечиктирүүгө болбойт!** Мүмкүн болсо, оорулууну бейтапканага жеткириңиз. Дарыгерге жеткенче:

- Ар бир 4 саат сайын 500 мг ( 353-бет) ампициллин, же болбосо 1,000,000 биримдикти ( 353-бет) кристалин пеницилинди сайып туруңуз. Мүмкүн болсо, хлорамфениколду да бериңиз (357-бет).
- Эгерде катуу ысытмаласа (40 0-тан ашса), анын денесине улам сууланган чүпүрөк басып жана ацетаминофен же аспирин берип түшүрүңүз. (379 жана 380-беттер).
- Эгерде энеси кургак учук менен ооруса же балада кургак учук менингити бар экенине көзүңүз жетсе, анда баланын ар бир 5 килограмм салмагына 0.2 мл стрептомицин сайып, дароо медициналык жардамга кайрылыңыз. Эгерде менингит кургак учуктан эмес, башка себептерден пайда болсо, анда ампициллин же пенициллин бериңиз.

***Алдын алуу:***

Кургак учук менингитти алдын алуу үчүн, кургак учук менен ооруган энелердин балдары жаңы төрөлгөндө эле Б.Ц Ж. вакцини менен эмдөө керек. Жаңы төрөлгөн бала үчүн вакциндин дозасы 0,05 мл нормалдуу дозасы – 0,1 мл; демек, анын жарымын саюу керек). Кургак учукту алдын алуу жөнүндө жана башка кеңештерди 179 жана 180 беттерден караңыз.

14 - бөлүм

# БЕЗГЕК (МАЛЯРИЯ)

Безгек – бул кандын инфекциясы. Безгектен адам чыйрыгып, калтырап-титиреп, эти катуу ысыйт. Бул ооруну желимчилер (москиттер) таратат. Желимчи безгек менен ооруган адамдын канындагы безгек мителерин соруп, башка адамды чакканда жугузуп салат.

***Безгектин белгилери:***

- Демейде катуу кармаган безгектин 3 баскычы болот:

1. Биринчиси чыйрыгуудан жана көпчүлүк учурда баш оорудан башталат. 15 мүнөттөн бир саатка чейин адамдын денеси калтырап-титирейт же калчылдайт.
2. Чыйрыккандан кийин эти ысый баштайт, денетабы 400 же андан да жогору болот. Адам алсырайт, териси кызарат жана кез-кезде жөөлүйт (аң-сезими тумандагандай болот). Ысытма бир нече саатка же күнгө созулат.
3. Акырында адам тердей баштап, денетабы төмөндөй түшөт. Безгек катуу кармагандан кийин, адатта адам өзүн алсыз сезет, бирок бир аз жакшыраак сезиши да мүмкүн.



- Безгек түрүнө жараша денени 2 же 3 күндө бир ысытат, бирок жаңы башталганда, бейтаптын эти күн сайын ысышы мүмкүн. Ошондой эле ысытмалаганы бир калыптагыдай же адаттагыдай эмес болушу ыктымал. Ошондуктан, себеби табылбаган ысытма менен ооруп кыйналган адамдар канын безгекке текшертиши керек.
- Өнөкөт безгектен көпчүлүк учурда ***көк боор*** жана каназдык пайда болот (124-бет).
- Жаш балдарда каназдык жана дене кубаруу бир-эки күндүн ичинде башталат. Мээ жабыркап (мээ безгеги) ооруган балдар оору күчөгөндөн кийин эсин жоготуп коюшу мүмкүн. Ошондой эле алакандары көгөргөнсүп бозоро түшүп, дем алуусу тездеп, тереңдеши мүмкүн. (***Эске алыңыз:*** Эмчек эмбеген балдар безгекке көбүрөөк учурашат).

***Талдоо жана дарылоо:***

- ♦ Эгерде безгек деп шек санасаңыз же улам кайталанып этиңиз ысыса, анда мүмкүн болсо, каныңызды текшертүүгө медициналык борборго барыңыз. Безгектин коркунучтуу түрү - ***фальсипарум*** кездешкен жерде жашасаңыз, анда дарыланыш үчүн дароо дарыгерге кайрылыңыз.
- ♦ Безгек көп кездешкен жерде, белгисиз ар кандай катуу ысытманы безгектей эле дарылаңыз. Сиз жашаган жерде безгекке каршы көп колдонулган дары менен дарылананыңыз. (Безгек дарылары жана дозалары жөнүндөгү маалыматты 365, 368-беттерден караңыз.)
- ♦ Дары жардам бергенден бир нече күн өткөндөн кийин денеңиз кайта ысый баштаса, сизге дагы башка дарыны колдонуу керек. Жакын жайгашкан медициналык борбордон кеңеш сураңыз.
- ♦ Безгек менен ооругансып турган адамда туталактын же менингиттин (185-бет) белгилери байкалса, бул мээ безгек болушу ыктымал. Мүмкүн болсо, безгектин сайма дарысын дароо сайыңыз (367-бет).

# БЕЗГЕКТИН (ЖАНА ТРОПИКАЛЫК ЫСЫТМАНЫН) КАНДАЙЧА АЛДЫН АЛУУГА БОЛОТ ?

Безгек ысык жана жаан-чачындуу мезгилде көп пайда болот. Эгерде бардыгы биргелешип иштешсе, анын алдын алууга болот. Төмөндөгү алдын алуу чараларын бир убакта аткаруу керек.

1. Желимчиден (москит, чиркей) оолак болуңуз. Желимчи же чиркей бар жерде жуурканды чүмкөнүп алып, ачынбай уктаңыз. Баланын бешигин желимчи-чиркейден сакташ үчүн тор же жука кездеме менен жабыңыз.



2. Желимчилер чакпаш үчүн жеңи узун көйнөк, узун шым, байпак кийип алыңыз (денеңиз ачылбагандай кылып шымдын багалегин байпактын ичине киргизип алыңыз). Күүгүмдө тышка көп чыкпаңыз же болбосо чымын-чиркейден коргоочу бет майын же дезодорант сүйкөп чыгыңыз.



3. Эгер безгекке чалдыктым деп шек санасаңыз, тез арада дарыланышыңыз керек. Айыккандан кийин сизди желимчи-чиркейлер чакса да башкаларга жугуу коркунучу жок болот.



4. Желимчилерди өлтүрүп, алардын жумурткаларын жок кылыңыз. Желимчилер токтоп турган сууда, сазда тез көбөйүшөт. Ошондуктан суу толгон чуңкур, жасалма көлмө, көлчө же сынык идиш, эски чака-чаралар бар болсо, аларды тазалап чыгыңыз. Желимчилер көбөйгөн саздын, көлмөнүн суусун сордуруп кургатканыңыз оң, же болбосо ошол жерге бир аз май кошуңуз.



5. Эгерде дарыны өз убагында колдонсоңуз, анда безгектин алдын алууга же жок дегенде анын зыяндуу таасирин азайтууга болот.

# БРУЦЕЛЛЁЗ (СӨӨК ООРУ)

Бул оору ылаңдаган, инфекцияланган малдын (уй, эчки, кой, чочко) жаңы саалган сүтүн бышырбай ичкенде, этин чала бышырып жегенде жугат. Ошондой эле бруцеллёз адамдын ичине теридеги жараат, кесиктер аркылуу жугушу же дем алуу жолдору аркылуу да өпкөгө тарашы мүмкүн. Ага көбүнчө мал баккан адамдар чалдыгат.




***Белгилери:***

- Бруцеллёз эт ысуу менен чыйрыгуудан башталышы мүмкүн, бирок көпчүлүк учурда билинбей, акырындык менен пайда болот. Барган сайын адам чарчап, алсырап, тамакка табити тартпай, башы, ичи ооруйт, кээде муундары шишип, ооруп, бастырбай калат.
- Эти орточо же катуу ысышы мүмкүн. Адатта адам түштөн кийин чыйрыга баштап, эртең менен тердейт. Бруцеллёз өнөкөткө айланганда, бир нече күн бою эти ысыбай, анан кайрадан ысый башташы мүмкүн. Бруцеллёзду дарылабаса, көп жылдарга созулушу мүмкүн.
- Моюн, колтук жана чат лимфа бездери шишиши мүмкүн.

***Дарылоо:***

♦ Бруцеллёз деп шектенсеңиз, медициналык кызматкер менен кеңешиңиз, анткени бруцеллёзду башка оорулар менен чаташтырууга оңой. Аны дарылоого убакыт да, каражат да көп кетет.

♦ Тетрациклин менен дарылаңыз: чоңдорго - 3 жума бою күнүнө 4 маал 250 мг-дык капсулдан экини бериңиз. Бруцеллёздун алдын алуу жөнүндө 356-беттен караңыз. Котримоксазол колдонсоңуз да болот. (Дозасы жана алдын алуу чаралары жөнүндө 358-беттен караңыз.)

***Алдын алуу:***

♦ **Уй же эчки сүтүнүн кайнатылганын же тазартылганын (пастерингенин) гана ичиңиз.** Бруцеллёз кеңири тараган жерде кайнатылбаган сүттөн жасалган сырды (эжигей сыяктуу) жебей эле коюңуз.

♦ Эгерде денеңиздин кесилген же тытылган жерлери болсо, анда малды (эчки, чочко) кармаганда этият болуңуз.

♦ Малыңыздын абалын текшерген мал доктурлар менен кеңешип жүрүңүз.

# ИЧ КЕЛТЕ

Ич келте – бул ичегинин бүт денеге таасирин тийгизген инфекциясы. Бул оору *"заңдан-оозго"* жолу менен кирген булганган тамак-аш, суу аркылуу тарап, *эпидемияга* ( бир мезгилде көп адамдын оорушу) алып келет. Кээде бирдей эле "ысытма" деп аталган ар түрдүү инфекциялардын ичинен (26-бетти караңыз) ич келте эң коркунучтуусу.




***Ич келтенин белгилери:***

**Биринчи жумада:**

- Сасык тумоо же суук тийме сыяктуу башталат.
- Баш ооруп, тамак сезгенип, кургак жөтөл болот.
- Эт ысып, денетабы бирде көтөрүлүп, бирде түшүп турат. Денетабы күн сайын аз-аздан көтөрүлүп отуруп, 40° ка чейин жетет же андан да жогору болот.
- Адамдын эти канчалык ысыган сайын, тамыр кагуусу ошончолук жайлайт. Ар бир жарым саатта тамыр кагуусун жана денетабынын деңгээлин текшерип туруңуз. **Эгерде денетабы көтөрүлгөн кезде тамырдын кагуусу жайлай баштаса, анда адам ич келте менен ооруп калган болушу мүмкүн** (26-бет).
- Кээде кусуп, ичи өтүп же ичи катып калышы мүмкүн.

**Экинчи жумада:**

- Денетабы жогору, тамыр кагуу салыштырмалуу жай.
- Териде бир нече кызгылт тактар пайда болушу мүмкүн.
- Дене калтырап-титирейт.
- Адам жөөлүйт (акыл-эсин жоготот же ойлогону бир кызыктай болот)
- Алсырайт, арыктап (салмагы азайып), суусузданат.

**Үчүнчү жумада:**

- Эгерде оору күчөбөсө, анда эт ысуу жана оорунун башка белгилери акырындан жоголо баштайт.

***Дарылоо:***

- ♦ Медициналык жардамга кайрылыңыз.
- ♦ Левомицетин менен ампициллин жардам бербесе, котримоксазолду (358-бет) жок дегенде 2 жума бериңиз.
- ♦ Же болбосо, левомицетин берип көрүңүз (357-бет). Чоңдор үчүн жок дегенде 2 жума бою күнүнө 4 маал 250 мг-дык 3 капсулду ичириңиз. Левомицетин жок болсо, ампициллин (353-бет) же тетрациклин (356-бет) бериңиз.
- ♦ Денетабы көтөрүлсө, аны муздак сууга малынган чүпүрөк менен басып түшүрүңүз (76-бет караңыз).
- ♦ Дене суусуздануудан оолак болуш үчүн (152-бет) шорпо, шире жана регидрон суусуну сыяктуу суусундарды көп ичириңиз.
- ♦ Зарыл болсо, аш болумдуу, витаминге бай тамактарды суюк кылып бериңиз.
- ♦ Ысытмасы толук тарамайынча, адам төшөктө жатышы керек.
- ♦ Эгерде адамдын заңы кан аралаш чыкса же перитониттин (94-бет), өпкө сезгенүүнүн (171-бет) белгилери байкалса, анда оорулууну ошол замат бейтапканага жаткырыңыз.

***Алдын алуу:***

- ♦ Ич келтенин алдын алуу үчүн суу менен тамак-аш адамдын заңына булганбагандай болуп сакталышы керек. Жеке жана коомдук тазалыктын 12-бөлүмдө берилген эрежелерин аткарыңыз. Даараткана куруп алып, аны таза колдонуңуз. Даараткана иче турган суудан алыс жайгашкандай болсун.
- ♦ Ич келте менен ооруган учурлар көбүнчө ташкын, кыян же башка кырсыктан кийин пайда болуп, мындай мезгилде тазалык эрежелери өзгөчө катуу сакталышы керек. Иче турган сууңуз таза болсун. Айылыңызда ич келте менен оorугандар болсо, анда иче турган сууну сөзсүз түрдө кайнатып ичиңиз. Суу менен тамак-аштын эмне себептен булганып жатканын аныктаңыз.

- Ич келте менен ооруган адам аны башкаларга жугузбоо үчүн өзүнчө бөлмөгө жатышы керек. Ал колдонгон идиш-аяктардан башка эч ким тамак ичипеши керек. Оорулуунун заңын өрттөп же терең чуңкур казып, көмүп салуу керек. Оорулууну караган адамдар колдорун улам жууп туруу керек.
- Ич келтеден айыккандардын кээ бирөөлөрү ооруну башкаларга жуктурушу мүмкүн. Ошондуктан ич келте менен ооруп чыккандар жеке тазалыгын өтө кылдаттык менен сактап, ашкана, ресторан же башка тамак-аш колдонгон жайларда иштебеши керек. Ич келте менен ооругандарга кээде ампицилин жакшы жардам берет.

## ТЕМГИЛДҮҮ КЕЛТЕ (БӨРТМӨ КЕЛТЕ)

Темгилдүү келте ич келтеге окшош болгону менен экөө тең эки башка оору. Бул инфекция

биттин кененин келемиш бүргөсүнүн



чакканынан жугат.

***Белгилер:***

- Темгилдүү келте катуу суук тийгендей башталат. Бир жума же андан көп убакыт өткөндөн кийин эт ысый баштап, чыйрыгуу, баш ооруу жана төш менен булчуңдардын ооруусу менен коштолот.
- Бир нече күн ысытмалаган соң, кадимкидей бүдүрлөр пайда болот. Бүдүрлөр биринчи колтукка, андан кийин денеге, кол-бутка чыгат (бирок бетке, алакан менен таманга чыкпайт). Бүдүрлөр майда-майда көгөргөндөй болуп көрүнөт.
- Ысытма 2 жумага же андан да көп убакка созулат. Балдардагы темгилдүү келте жеңил өтүп, чоңдор болсо абдан кыйналып оорушат. Темгилдүү келтенин эпидемиялык түрү өтө коркунучтуу.
- Темгилдүү келте кене чаккандан пайда болсо, чаккан жери көпчүлүк учурда сыздаткан, чоң жарага айланып, анын жанындагы лимфа бездери шишип, оорутат.

***Дарылоо:***

- Кимдир бирөө темгилдүү келте менен ооруганын байкасаңыз, медициналык кеңеш алууга кайрылыңыз.
- Чоңдорго 250 мг-дык тетрациклинди 2 капсулдан күнүнө 4 маал 7 күн бою бериңиз.

***Алдын алуу:***

- Тазалыкты сактаңыз. Бүт үй-бүлөңүздү мезгил-мезгили менен бит, кенеден текшерип туруңуз.
- Итиңизди кенелерден тазалап, аны үйдүн ичине киргизбеңиз.
- Келемиштерди жок кылыңыз. Чычкан кармагычтарды колдонуңуз ( ууну колдонбоңуз, себеби ал балдар, жаныбарлар үчүн өтө коркунучтуу).
- Келемиш, бүргөлөрдү өлтүрүңүз. Өлүк келемиштерге колуңузду тийгизбеңиз, анткени бүргөлөрү сизге өтүшү мүмкүн. Келемиштерди сууга чөктүрүп, бүргөлөрү менен кошо өрттөп салыңыз. Келемиштердин уяларына уу салыңыз.



# МАКООПЕС (ПРОКАЗА)

Бул жугуштуу оору акырындап башталып, көпчүлүк учурда көп жыл бою жай өөрчүйт. Бул оору дарыланбаган адамдан ооруга туруштук бере албаган адамга гана жуга алат. Макоопес көп кездешкен жерлерде балдарды, айрыкча, макоопес оорулуу менен кошо жашагандарын ар бир 6-12 айда текшерип туруу керек.

***Белгилер:*** Макоопес ар түрдүү тери ооруларына алып келет. Макоопестен адамдын сезгичтиктиги жоголуп жана колу-буту шал болуп калышы мүмкүн.

**Макоопестин биринчи белгиси катары көпчүлүк учурда териде жай тарап, кычышпаган, оорутпаган тактар пайда болот.** Башында так болгон жердин сезгичтиги кадимкидей эле болушу мүмкүн, бирок муну байкап, көзөмөлгө салыңыз. Эгерде так болгон жердин сезгичтиги жоголсо же азая баштаса (38-бетти караңыз), бул макоопес болушу мүмкүн.

Териде тактардын пайда болгонун билиш үчүн бүт дененин өзгөчө, бетин, колу-бутун, аркасын жана көчүгүн текшерип чыгыңыз.




**Кийинки белгилер** ар бир адамдын ооруга каршы туруктуулугуна карата айырмаланып турат. Төмөнкүлөрдү байкап, текшериңиз:

- Кол-буттардын сайгылашканына, чымыраганына (уктап калуу) же сезгичтиктин жоголушуна, дене мүчөлөрдүн түзүлүшүнүн бузулушуна же теридеги тактардын сезгичтигине же түрүнүн өзгөрүшүнөкө ңүл буруңуз.
- Бир аз алсырайт же колу-бутунун түзүлүшү бузулат.
- Шишиген нервдер теринин астындагы тамырларды жоон кылат. Нервдерди басып, тийгенде оорутушу да, оорутпашы да мүмкүн.




*Оору созулганда болгон белгилер:*




*Дарылоо:* Макоопести адатта айыктырса болот, бирок дарыларын жылдап ичиш керек. Эң жакшы дарысы – бул дапсон, мүмкүн болсо рифампин жана клофазамин менен кошо колдонуу керек (364-365-беттерди караңыз). Эгерде "макоопес реакциясы" (ысытма, бүдүрлөр, ооруткан сезим же болбосо кол-буттардын шишүүсү же көз бузулушу) пайда болсо же дары колдонуп жүргөн кезде деле оору күчөсө, дары колдонгонду уланта бериңиз, бирок медициналык жардамга кайрылыңыз.

Кол, бут жана көз көрүүсүнүн бузулушун алдын алуу: Макоопес менен ооруган адамдын колу-бутундагы ачык, чоң жаралар көбүнчө макоопестен пайда болбогондуктан, алардын алдын алууга болот. Оорулуу денесин жакшы сезе албагандыктан, денесин качан оорутуп алганын билбей калат, ошол себептен жаралар пайда болушат.

Мисалы, макоопес менен оорубаган адам жөө көпкө басканда бутун жоорутуп алса, анда ал баса албай токтойт же аксап басат, демек дароо ооруганын сезет.

Бирок макоопес менен ооруган адам бутун жоорутуп алса да , оорутканын сезбейт.

Ошентип, ал жооруткан жери жарылганга чейин жөө жүрө берип, инфекцияны киргизип алат.

Дагы эле ооруткaнын сезбегендиктен, инфекция тереңирээк кирип, сөөккө жетет.

Сөөк жабыркаган учурда, буттун түзүлүшү ого бетер өзгөрүп бузулат.



Кол-бутту курч, кесе турган, күйгүзө турган, жоорута турган же так, ыйлаакча пайда кылган нерселерден коргоңуз.

Жыңайлак, өзгөчө, кырлуу таш менен тикенек бар болгон жерде, жүрбөңүз. Бут кийим кийип жүрүңүз. Бут кийимдин ичине же жооруй турган жерлерине жумшак нерсе (мисалы, кебез) салыңыз.



Иштегенде же тамак бышырганда колуңузга колкап же мээлей кийиңиз. Ысык боло турган нерселерди эч качан калың мээлейсиз же катталган майлыксыз көтөрбөңүз. Мүмкүн болсо, курч куралдарды же ысык нерселерди кармаш керек болгон жумуштан өзүңүздү сактаңыз. Тамеки тартпаңыз.



1. Күн сайын, кечке маал (көп иштеп же алыс жөө жүрсөңүз) кол-бутуңузду кылдаттык менен текшерип чыгыңыз, же болбосо башка бирөөгө караттырыңыз. Кесилген жерлерди, тактарды же тикенек кирген жерлерди караңыз. Кол-бутта кызарган, күйгөн, шишиген же ыйлаакча жаңы башталган жерлерди издеп көрүңүз. Эгерде бир нерсе тапсаңыз, анда колуңузду же бутуңузду толугу менен териси айыкмайынча, тим коюп эс алдырыңыз. Ошондо тери катып, өз калыбына келгенге жардамы тийет. Жараларды алдын алууга мүмкүн.
2. Эгерде жараңыз ачык болсо, жара жакты тап-таза алып жүрүңүз жана толук айыкмайынча, эс алдырып туруңуз. Ушул жагыңызды кайта жабыркатып албоого көз салыңыз.
3. Көзүңүздү коргоңуз. Көздүн жабыркашы көпчүлүк учурда алсыздык же сезгичтин жоготуу кесепетинен аз, жетишсиз көз жумганыңыздан пайда болот. Көзүңүз кургап кетпеш үчүн аларды таза сактап, көбүрөөк ачып-жумуп туруңуз. Эгерде жакшы жумуп-ачалбасаңыз, анда күндүз көбүрөөк катуу жабыңыз, өзгөчө чаң ыпыр-сыпыр катуу учкан мезгилде. Капталдарынан көлөкө кылган, күндөн коргогон көз-айнекти тагыныңыз. Керек болсо күндөн коргонуп баш-кийимди да кийиңиз. Көзүңүздү таза кармап, чымындарды кондурбаңыз.

Эгерде бул нерселерди аткарып, оорунун башында эле дарыланып баштасаңыз, макоопес кесепетинен пайда болгон **дене түзүлүштүн бузулушуна көпчүлүк учурда жол бербөөгө болот.** Гансен оорусу жөнүндө көбүрөөк маалыматты, *"Айылдагы майып балдар"* аттуу китептин 26-бөлүмүнөн таба аласыз.